**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Салыбек Кыдыралиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл
алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 4-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: К.А. Дуйшеев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев катчы К. Маамыталы кызынын катышуусу менен С. Кыдыралиевдин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 8-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна С. Кыдыралиевдин Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 4 жана 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, 2022-жылдын 2-декабрында С. Кыдыралиев Бишкек шаарынын экономикалык иштер боюнча сот аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн (мындан ары – САКБ) сот аткаруучусу Н. Толоевго карата Бишкек шаарынын Административдик сотуна арыз менен кайрылган. Өзүнүн арызында кайрылуу субъектиси Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2015-жылдын 10-августундагы чечимин аткарууда Н. Толоевдин 2022-жылдын 15-мартындагы аракетин мыйзамсыз деп табууну жана ишти кайрадан жандандырылышын САКБны милдеттендирүү жөнүндө суранган.

Бишкек шаарынын Административдик соту аталган арызды карап чыгып, анын жыйынтыгында 2023-жылдын 18-июлундагы аныктамасы менен бул арызды канааттандыруудан баш тарткан. Ал эми 2023-жылдын 15-августунда Бишкек шаардык сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы Бишкек шаарынын Административдик сотунун жогоруда белгиленген аныктамасына келтирилген С. Кыдыралиевдин даттануусун карап чыгып, натыйжада аны өзгөртүүсүз калтырган.

Арыз ээсинин пикиринде, биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун тиешелүү аныктамаларды кабыл алуусу С. Кыдыралиевдин аткаруу өндүрүшү боюнча даттанууга берилген 10 күндү негизсиз өткөрүлүп жиберилгендиги менен шартталган.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, арызданыуучу талашылып жаткан ченемди конституциялык эмес деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы К.А. Дуйшеевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, анда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана анын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, конституциялуулугу талаш туудуруп жаткан актыны жокко чыгаруу же анын күчүн жоготуусу кайрылууну Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Талашылып жаткан ченем, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 398-беренеси “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Административдик-

процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-апрелиндеги №85 Мыйзамынын 2-беренесинин 41-пунктуна ылайык күчүн жоготту деп таанылган.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 4-бөлүгүн жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. С. Кыдыралиевдин Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 4 жана 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.А. Дуйшеев

К.Дж. Кыдырбаев

Ж.А. Шаршеналиев

№ _____